UCA БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ

# БАУ жөнүндө кыска маалымат



Казакстан • Кыргызстан • Таджикстан

Борбордук Азия Университети (БАУ) - билим берүү, изилдөө, инновация жана аймактык катышуу аркылуу тоо коомдорунун туруктуу өнүгүүсүнө арналган эл аралык деңгээлдеги университет. БАУ Борбор Азия регионунда жана андан тышкары жерлердеги тоо коомдорунун туруктуулугун, өнүгүүсүн жана жашоо сапатын жакшыртуу үчүн иштейт.

БАУ 2000-жылы түзүлгөн жеке менчик, коммерциялык эмес жана светтик университет. Аны негиздеген жана эл аралык келишимге кол койгон тараптар бул – Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстан президенттери жана маркум ханзаада Карим Ага Хан IV болуп эсептелет. Ал келишим бул өлкөлөрдүн парламенттери тарабынан ратификацияланган жана Бириккен Улуттар Уюмунда катталган. Бул үч өлкөнүн президенттери - университеттин колдоочулары, ал эми Улуу Урматтуу ханзаада Рахим Ага Хан V - канцлер болуп эсептелет.

БАУнун миссиясы – Борбордук Азиянын, айрыкча тоолуу коомчулуктарынын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө салым кошуу; ал максатка жетүү үчүн эл аралык деңгээлдеги жогорку билим берүү стандартын берет, практикалык изилдөөлөрдү жүргүзөт, инновацияларды жасайт жана маданий мурастарын сактоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Бүгүнкү күндө БАУ тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө тоо коомдору туш болгон мүмкүнчүлүктөрдү жана кыйынчылыктарды чечүү үчүн бакалавриат жана жаңыдан пайда болуп жаткан магистратура билимин берет, жана ага кошумча, изилдөө, мамлекеттик саясат жана кесиптик окутууну берет.

БАУнун кампустары Тажикстандын Хорог жана Кыргызстандын Нарын шаарларында бар жана ошондой эле аймак боюнча окуу борборлору менен БАУ аймактык кызматташуу, билим алмашуу жана лидерликти өнүктүрүү үчүн платформа болуп кызмат кылат. Гуманитардык жана  так илимдер мектеби (SAS), Өнүктүрүү боюнча аспирантура мектеби (GSD) жана Кесиптик жана үзгүлтүксүз билим берүү мектеби (SPCE) аркылуу, ошондой эле Ага Хан өнүктүрүү тармагынын кеңири колдоосу менен БАУ студенттерди, изилдөөчүлөрдү, мамлекеттик кызматчыларды, практиктерди жана коомчулук лидерлерди Борбордук Азиянын тоо коомдорунун келечегин бекемдөө үчүн бириктирет.




## БАУнун Өнүктүрүү боюнча Жогорку Мектеби (GSD)

Өнүктүрүү боюнча Жогорку Мектеби – БАУнун практикалык изилдөөлөр, мамлекеттик саясатка катышуу жана тоо коомдору туш болгон мүмкүнчүлүктөр жана кыйынчылыктар боюнча билим алмашуу платформасы. Тармактар аралык изилдөөлөр, өнөктөштүк жана коомчулук менен байланыш аркылуу SAS изилдөөлөрдү жасап, саясатты иштеп чыгууну колдойт жана Борбордук Азия боюнча институционалдык жана коомдук потенциалды бекемдейт.

GSD климаттын өзгөрүшү жана тоо системалары, экономикалык өнүгүү жана мамлекеттик саясат, маданий мурас жана гуманитардык илимдер, жарандык коомду чыңдоо жана аймактык кызматташтык темалары боюнча иштейт. Анын негизги бөлүмдөрү төмөнкүлөр:

**Тоолуу коомчулуктарды изилдөө институту (MSRI)** — климаттын өзгөрүшү, тоолуу чөйрө, кырсыктардын тобокелдигин алдын алуу жана жаратылыш ресурстарын башкаруу боюнча изилдөөлөрдү жүргүзөт

**Мамлекеттик саясат жана башкаруу институту (IPPA)** — экономикалык өнүгүү, мамлекекттик органдарды башкаруу, шаардык туруктуулук жана энергетика жаатында изилдөөлөргө негизделген саясатты иштеп чыгуу

**Маданий мурастар жана гуманитардык илимдер бөлүмү (CHHU)** — Борбордук Азиянын бай маданий мурасын сактоо, изилдөө жана жайылтуу

**Ага Хан «Адам таануу» долбоору (AKHP)** — гуманитардык билим берүүнү, плюрализмди жана маданияттар аралык түшүнүшүүнү өнүктүрүү

**Ооганстанды изилдөө демилгеси (ARI)** — Ооганстан жөнүндө билим топтоо жана өлкөгө жана аймакка таасир этүүчү маселелер боюнча илимий изилдөөлөр

2025-жылы HSR изилдөөчүлөрү көптөгөн рецензияланган басылмаларды жазып, мамлекеттик жана академиялык тармактардагы улуттук өнөктөштөр, ошондой эле Дүйнөлүк банк, UNDP, GIZ жана Европа Биримдиги сыяктуу алдыңкы эл аралык өнөктөштөр менен кызматташууну кеңейтишти. Изилдөө, саясий диалог жана потенциалды өнүктүрүү аркылуу HSR БАУнун Борбордук Азиянын туруктуу жана инклюзивдүү өнүгүүсүн колдоо боюнча жалпы миссиясына салым кошот.

### Жетекчилердин квалификациясын жогорулатуучу Программа

Жетекчилердин квалификациясын жогорулатуучу Программасы бул БАУнун Өнүгүү боюнча Жогоку Мектептин бир бөлүгү. Ал Борбордук Азия боюнча жетекчилердин, менеджерлердин жана практиктердин кесиптик өнүгүүсүн колдойт. Кыска мөөнөттүү, практикага багытталган программалар аркылуу алар аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшү үчүн маанилүү болгон тармактарда институционалдык потенциалды, лидерлик көндүмдөрүн жана персоналдын квалификациясын чыңдоого жардам берет.

Учурдагы программаларга төмөнкүлөр кирет:  санариптик трансформация, киберкоопсуздук, лидерлик, мамлекеттик саясат, экологияны башкаруу жана жогорку билим берүүнү башкаруу сыяктуу темаларды камтыйт. Флагмандык сунуштарга БАУнун Окутуу, үйрөнүү жана технология борбору менен өнөктөштүктө өткөрүлүүчү Канада тарабынан сертификацияланган Окуу көндүмдөрү боюнча семинар (ISW), ошондой эле сапатты камсыздоо, айлана-чөйрөнү башкаруу жана маалымат технологиялары боюнча адистештирилген программалар кирет.

Санариптик көндүмдөрдү өнүктүрүү барган сайын күчөп баратат. Аймактык суроо-талаптын өсүшүнө жооп катары БАУ 2025-жылы Киберкоопсуздук боюнча кесиптик өнүктүрүү программасын ишке киргизген. БАУнун окутуучулары тарабынан онлайн режиминде өткөрүлүүчү программа киберкоопсуздук жана санариптик туруктуулук боюнча алдыңкы кесиптик окутууну камсыз кылат жана Кыргызстандагы ушул сыяктуу кеңейтилген форматтагы алгачкы демилгелердин бири болуп саналат.

### Пост-дипломдук билим берүү

Пост-дипломдук билим берүү киргизилиши менен БАУ күчтүү бакалавриат окуу жайынан магистрдик жана доктордук программаларды берген комплекстүү изилдөө университетине айланды.

2025-жылдын декабрь айында БАУнун Камкорчулар кеңеши университеттин биринчи пост-дипломдук программасы болгон экономика жана маалыматтар илими боюнча илим магистрлиги (MSc) ачылды. Бул программа бүтүрүүчүлөрдү алдыңкы аналитикалык, сандык жана саясатты башкаруу көндүмдөрү менен жабдуу үчүн иштелип чыккан жана БАУнун аймактык өнүгүү көйгөйлөрүн так, маалыматтарга негизделген жол аркылуу чечүүгө болгон милдеттенмесин чагылдырат.

Ушул негизге таянып, БАУ өзүнүн миссиясына жана изилдөө күчтөрүнө шайкеш келген дагы эки магистрдик программаны иштеп чыгууда:

- **«Климаттын өзгөрүшү жана тоо системалары» боюнча магистрлик** – тоолуу аймактарда климаттын туруктуулугуна, айлана-чөйрөнүн өзгөрүшүнө жана туруктуу өнүгүүгө багытталган
- **«Борбордук Азиянын мурастары, маданияты жана коому» боюнча магистратурасы** – бул аймактын бай маданий мурасын, иденттүүлүгүн жана социалдык трансформацияларын изилдөө.

Бул программалар БАУнун аспирантурадан кийинки билим берүүнү кеңейтүүсүнүн биринчи этабын билдирет жана Университеттин Борбордук Азияда билим берүү, изилдөө жана билим берүү үчүн мыкты борбор катары өсүп жаткан ролун чагылдырат.













# БАУнун Гуманитардык жана так илимдер мектеби (SAS)

SAS Хорог жана Нарын шаарларындагы жатак кампустарында түзүлгөн жана анда «Компьютердик илимдер», «Коммуникация жана медиа», «глобалдык экономика жана жер жана айлана-чөйрө илимдери» боюнча бакалавр программалары бар.

Бул мектеп жатакана жана окуу шартында иштейт, жана англис тилинде окутулган гуманитардык илимдер мекемеси катары академиялык чынчылдыкты жандуу студенттик жашоо менен айкалыштырат; аны менен Борбордук Азиянын жана андан тышкары жерлерден келген жаштарды бириктирет.

SAS студенттери жогорку академиялык жана класстан тышкаркы жетишкендиктерди көрсөтүшөт. Бүтүрүүчүлөр - айрымдары толук стипендия менен - Оксфорд, Браун университети, Дьюк университети, Мичиган университети, Торонто университети, Саймон Фрейзер университети жана Сингапур Улуттук университети сыяктуу эл аралык деңгээлдеги белгилүү университеттерге окууга өтүшкөн.



## SAS студенттери боюнча сандар

70% айыл жергесинен

80% студенттер БАУну негиздеген өлкөлөрдөн

376 бүтүрүүчү төрт кесип боюнча бакалавр дипломун алышты

# БАУнун Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү мектеби

Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү мектеби (SPCE) – бул БАУнун өмүр бою билим алуу, жумушчу күчүн өнүктүрүү жана кесиптик окутуу үчүн негизги платформасы. Борбордук Азиядагы жана Ооганстандагы 18 окуу борборунун тармагы аркылуу SPCE жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга, ишкердикти колдоого жана жеке адамдар жана коомчулуктар үчүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө багытталган жеткиликтүү, практикалык багыттагы билим берүүнү камсыз кылат.

Окуу программасына төмөнкүлөр кирет:

- **Санариптик жана техникалык көндүмдөр:** программалоо, санариптик коопсуздук, санариптик жана медиа сабаттуулугу, IT
- **Тилдер жана бизнес**: англис тили, ишкердик англис тили
- **Кесиптик жана техникалык көндүмдөр:** мобилдик түзмөктөрдү оңдоо, күн батареяларын орнотуу, унааларды оңдоо, кыш жасоо, сантехника, жыгач устачылык

SPCE ошондой эле Казакстанда, Кыргызстан жана Тажикстанда бир катар эл аралык деңгээлде таанылган квалификацияларды, анын ичинде Эл аралык компьютердик айдоочулук күбөлүктү (ICDL) жана Cambridge Assessment English тилин берүүчү жалгыз расмий камсыздоочу болуп саналат.

**SPCE сандар менен**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **49%** кыз-келиндер | 2006-жылдан бери **300,389** адам курстардан өттү. | **2,562** жумушчу орундар түзүлдү (2020–2025) | **95%** окуудан өткөн адам окууга канааттанды | **99%** адам SPCE ни башкаларга сунуштайт |

Дээрлик жыйырма жыл бою SPCE аймактагы эң ири үзгүлтүксүз жана кесиптик билим берүүчүлөрдүн бирине айланып, БАУнун миссиясын салттуу жогоку окуу жай программаларынан тышкары кеңейтип, адамдарга өзгөрүп жаткан эмгек рынокторуна жана экономикага катышуу үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү алууга жардам берип келет.



# БАУнун Борбордук Азия боюнча окутуучуларды өнүктүрүү программасы

Бау региондогу таланттарды өнүктүрүү милдеттенмесинин алкагында, Борбордук Азия боюнча окутуучуларды өнүктүрүү программасы Кембридж, Оксфорд, Саймон Фрейзер университети жана Альберта университети сыяктуу өнөктөш мекемелерде магистратура, PhD жана постдокторантурада окуу үчүн 84 Борбордук Азия изилдөөчүсүнө стипендияларды берди.






# Келечекке көз чаптыруу

БАУ үчүнчү он жылдыкка кадам таштап, бакалавриат билим берүүсүнүн ийгиликтүү пайдубалына таянып, тоо коомдорун туруктуу өнүктүрүүгө багытталган билим берүү, изилдөө жана инновация жаатындагы алдыңкы аймактык университет болууга умтулууда..

Анын биринчи магистратура программасынын ишке кириши, климаттын өзгөрүшү, тоо системалары жана маданий мурас боюнча кошумча аспирантура программаларын иштеп чыгуу жана лидерлик жана кесиптик өнүктүрүү программаларынын тынымсыз кеңейет жана бул Университеттин өнүгүүсүндөгү жаңы этап болот. Бул демилгелер биргелешип, БАУнун билимди жаратуу, лидерлерди өнүктүрүү жана Борбордук Азия туш болгон мүмкүнчүлүктөргө жана кыйынчылыктарга жооп катары далилдерге негизделген чечимдерди иштеп чыгуу жөндөмүн бекемдөөдө.

Бул өнүгүү сапарында БАУ өзүнүн негиздөөчү миссиясында бекем турат; Ал миссия - эл аралык деңгээлде таанылган билим берүү, колдонмо изилдөөлөр, кесиптик өнүгүү жана күчтүү аймактык өнөктөштүк аркылуу тоо коомдорунун жашоо сапатын жакшыртууда.



*«Интеллектуалдык мейкиндикти жана ресурстарды түзүү менен, Борбордук Азия Университети Борбордук Азиянын элдерин жана аймактарын бөлүп турган тоолорду алардын келечектеги жыргалчылыгын жакшыртуу үчүн биргелешкен аракетте элдерин жана экономикаларын бирдиктүү чынжырга айландырууга жардам берүүдө».*

**Улуу урматтуу Ага Хан IV**
БАУнун Уставына кол коюу аземи,
2000-жылдын 31-августу, Астана ш., Казакстан



**Борбордук административдик кеңсеси**
Кыргызстан, Бишкек ш., 720001, Токтогул к., 125/1

**БАУнун Нарын кампусу**
Кыргызстан, Нарын ш., 722918, Ленина к., 310

**БАУнун Хорог кампусу**
Тажикстан, ТБАО, Хорог ш., 736000, Киматшо Иматшоева к., 50/1

**ПҮББМ окуу борбору, Текели ш.**
Казакстан, Текели ш., 041700, Гагарин к., 13

@ucentralasia

info@ucentralasia.org

www.ucentralasia.org

2026-жылдын август айында жарыяланды.